Билим берүү сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору
КР ББИМ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 7-класс №4 вариант

**№1. Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Силер кайсы жерде жашайсыңар*** □
а) жалаң сүйлөм
б) жай сүйлөм
в) илептүү сүйлөм
г) суроолуу сүйлөм

**№2. Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Окуучулардын ырдаганы жактыбы*** □
а) жай сүйлөм
б) илептүү сүйлөм
в) суроолуу сүйлөм
г) буйрук сүйлөм

**№3. Жалаң сүйлөмдү белгиле.**
а) Майда жаз келип, күн жылыйт.
б) Окуучулар келип калышты.
в) Марттан баштап күн жылыйт.
г) Ал экзаменден кийин келет.

**№4. Жалаң сүйлөмдү белгиле.**
а) Кыздар селкинчек тебишти.
б) Атам тоодон кеч келди.
в) Сабактар башталып калды.
г) Окуучулар каникулга тарады.

**№5. Жалаң сүйлөмдү белгиле.**
а) Меймандар үйгө киришти.
б) Жамал тойдон кеч келди.
в) Иштер башталып келатат.
г) Койлор жайыттан түштү.

**№6. Жайылма сүйлөмдү белгиле.**
а) Мен келдим.
б) Кыш чилде.
в) Кышында аба-ырайы суук болот.
г) Бишкек – Ош – Алай жолу.

**№7. Жайылма сүйлөмдү белгиле.**
а) Ал кетти.
б) Күз маалы.
в) Бишкек – Ош жолу.
г) Жайында күн ысык.

**№8. Жайылма сүйлөмдү белгиле.**
а) Кыздар, балдар ойношту.
б) Биз окудук, жаздык.
в) Силер чарчаптырсыңар.
г) Сен концертке кечикпе.

**№9. Жайылма сүйлөмдү белгиле.**
а) Атам жайдары келди.
б) Студенттер чакырылды.
в) Үйлөр салынып жатат.
г) Көчөттөр тигилип бүттү.

**№10. Илептүү сүйлөмдү белгиле.**
а) Сен бүгүн сабакка барасыңбы
б) Эң таттуу алманы мен жедим
в) Бул сөздү угуп, карышкыр артын карабай качып кеткен экен
г) – Чычкан, чычкан, кандай күлүксүң да, кандай шамдагайсың

**Тесттин аягы!**

**Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча тесттерди баалоо критерийлери**

Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча 5-11-класстар үчүн түзүлгөн тесттин негизги милдети окуучулардын аралыктан өздөштүргөн билимин жана учурдагы жетишкендиктерин баалоо болуп саналат.

1. 5-11-класстын окуучулары үчүн түзүлгөн тест – ***"берилген 4 варианттын ичинен 1 гана туура жоопту тандоо"*** форматындагы 10 тапшырмадан турат.
2. Тест орто кыйындыктагы тапшырмаларды камтыйт.
3. Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат.
4. Жалпы тестке максималдуу 10 балл берилет.
5. **Бардыгы: 10 тест тапшырма – 10 балл.**
6. Алган баллдарды 5 баллдык тутумга которуу шкаласы төмөндөгүдөй :

| | **Балл** | **Баа** |
|---|---|---|
| | 3 баллдан аз | "2" |
| | 4-5 балл | "3" |
| | 6-7 балл | "4" |
| | 8-10 балл | "5" |